КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ОРОК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ
724808,Жал айылы Гагарин көчөсү
Тел: 0 (3134) 70-16-6, 70-30-2
Факс: (0312) 88-12-04, л/с 4403051001001438
эл.почта:orokskiymestnyy.kenesh@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ОРОКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
724808,с.Джал ул.Гагарина б/н
Тел: 0 (3134) 70-16-6, 70-30-2
Факс: (0312) 88-12-04, л/с4403051001001438
эл.почта:orokskiymestnyy.kenesh@mail.ru

**2023-жыл 28-ноябрь** **№ 10/7** **Жал а.**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Орок айыл өкмөтүнө караштуу Төмөнкү-Орок айылында жайгашкан Долборлонуучу көчөсүн Абдраев Нургазы атындагы көчөсүнө өзгөртүп атоо боюнча.**

Орок айылдык кеңешинин кезектеги сессиясында Орок айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Адылбековдун, Орок айыл өкмөтүнүн Төмөнкү-Орок айылында жайгашкан Долборлонуучу көчөсүн Абдраев Нургазы атындагы көчөсүнө өзгөртүп атоо боюнча кайрылуусун угуп жана талкуулап, "Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө ЖОБОнун 10-пунктунун төртүнчү абзацынын негизинде ошондой эле 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-пункттун жетекчиликке алып Орок айылдык Кеңеши,

**Токтом кылат:**

1. Орок айыл аймагында Төмөнкү-Орок айылында жайгашкан Долборлонуучу көчөсүн Абдраев Нургазы атындагы көчөсүнө өзгөртүлсүн.

2. Орок айылдык кеңешинин токтому “Кадастр” Мамлекеттик мекемесинин Сокулук филиалынын, Сокулук РЭСне жана Сокулук статистика бөлүмүндө катталсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Орок айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Адылбековго жүктөлсүн.

4. Токтом мамлекеттик тилде гана кабыл алынды.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө мыйзамына ылайык www.gamsumo.gov.kg сайтына жарыялансын.

**Орок айылдык кенешинин төрагасы** **У. Бекболотов**